**Бишкек шаарындагы Ленин районунун №59 орто мектеби**

# Программа

## Сабак: кыргыз тили

**5-класс**

**Программанын аталышы:** Сабаттуу жазуу

**Программанын тиби:** ыңгайлаштырылган

**Колдонулуучу жай:** Мектеп компоненти (мамлекеттик бюджет)

Түзүүчү: Сагынбекова А.С

**Бекитилди:**

**№59 орто мектебинин директору**

**Сагымбаева А.К** ________________

**2022-2023-окуу жылы**

**№53 буйрук 16.09.2022-жыл**

**Бишкек 2022-ж**

№1 Педагогикалык кеңешменин протоколунун көчүрмөсү

№59 ЖББОМ

Төрага:Сагымбаева А.К

Катчы:Шаршен кызы Жаныл

Катышуучулар:46 мугалим

Күн тартиби

2.Окуу тарбиялык ишин уюштуруу. Нормативдик документтер менен тааныштыруу

Угулду:

Биринчи суроо боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Кожобекова Э.Э сөз сүйлөдү.
Ал катышуучуларды КРдин ББ жана ИМнин 23.08.2021 жылдын № буйругу менен,Базистик окуу планы КРдин ЖБнын 2021-2022 окуу жылынын бекитилиши менен жана Базистик окуу планы боюнча түшүндүрмө каты менен жана Базистик окуу планындагы жалпы билим берүү орто мектептеринде окутуу кыргыз тилинде жана орус тилинде жүргүзүлгөн класстар үчүн 2021-2022-окуу жылындагы планы менен тааныштырды.

Базистик окуу планы боюнча жалпы билим берүүчү орто мектептин 5-класстарында мектеп компонентине 1 саат каралган.Ал компонент предмет катары окуучулардын программа боюнча өзгөчө кызыгуусун,муктаждыгын арттырат ушул предметти тереңдетип окутууда окуучулар жана ата-энелер социалдык заказын ишке ашырат ж.о.э алардын ар кандай таанып билүү иш аракеттин канааттандырууда камсыз кылат.

№59 ЖББОМнин директору Сагымбаева.А.К сөз сүйлөдү.Ал 5-класстарда базистик планда орус тилинде окуган орус класстары үчүн 1 саат мектеп компонентин кыргыз тили предметтине бөлүп берүү сунушун киргизди.

Чечим:

3.1 саат мектеп компоненти орус тилинде окуган орус класстары үчүн кыргыз тили предметине бөлүнүп берилсин.

4.Кыргыз тилинин жана орус тилинин усулдук бирикмесинин жетекчилери жана предметтин мугалимдери менен биргелешип программаны иштеп чыгышсын.

жетекчи: Сагымбаева А.К

катчы: Шаршен к.Ж

*«Илим менен билимге копуро тил*

*Көколөткон адамды тили деп бил»* ***Жусуп Баласагын***

**5-класстын (орус мектептерде) тереңдетип окутуу үчүн түзүлгөн программанын аннотациясы.**

1.Темалар терең, жеткиликтүү болуш үчүн 1 сааттан кошулуп түзүлдү.

2. Кыргыз тилин окутуп үйрөтүүдө окуучулардын билим деңгээлин тереңдетүү менен окуучулар сынчыл көз караш менен талдоого, салыштырууга жана өз пикирин далилдөөгө, сабаттуу жазууга, өз алдынча текст менен иштөөгө үйрөнүшөт.

3.Кыргыз тилин окуу аркылуу патриоттуулук сезимин калыптандырат, интернационалдык - башка элдерди урматтоого, сыйлоого жана сабырдуулук менен мамиле жасоого тарбияланат.

4.Методикалык жактан окуучулардын чыгармачылык изденүүчүлүгүн бекемдөө (таблица толтуруу, схема, концептуалдык карта, кластер, Венндин диаграммасын түзүү ж.б.). Илимий изденүүчүлүктү өнүктүрүү (тест менен иштөөгө, текст жаздыруу, слайд түздүрүү). Папкага топтоо, кошумча адабияттарды пайдалануу.

## Максаты:

Бул программа кыргыз тил  сабагы боюнча билимин терендетип окууга логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, сабаттуу жазууга, билим билгичтик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

- Кыргыз тилин окуучулар экинчи тил катары окууда сөз байлыктарын өстүрүшөт.
- Кыргыз тилин окууда синтаксистик талдоолор боюнча кеңири үйрөнүшөт.
- Кыргызча орусча сөздөрдү салыштыруу, заманбап, альтернативалуу көз караштар менен тааныштыруу, сынчыл көз караш талдоо менен системалаштыруу.
- Кыргыз тилин окуу аркылуу жарандык милдеттерин, патриоттук сезимдерин ойготуу, өнүктүрүү, кыргыз тилин сүйүү жана эне тилинде эркин сүйлөөгө, баалуулуктарды сактоого үйрөтүү.
- Кыргыз тилине жана кыргыз адабиятына салымын кошкон инсадардын өмүрүнөн өрнөк алуу, улуттук каада-салттарды, үрп-адаттарды үйрөнүү, келечек муундарга маданияттын жетишкендиктерин жеткирүү, улуттук өзгөчөлүктү сактоо.

## Милдети:

Бул программанын негизги милдети тереңдетилген сабакты мыкты өздөштүрүү, алган билимдерин туура пайдалануу.

- Окуучуларды аң сезимдүү акыл эстүү, коомдук ишмердикке даярдоо.
- Интеллектуалдык жактан деңгээли жогору компетенттүү инсанды даярдоо.
- Алган билимдерин пайдаланып, изилдөө иштерин жүргүзүү.
- Текст менен иштөө,
- Негизги түшүнүктөр, терминдерди чечмелөө.
- Кошумча адабияттар: кылгыз тили китептери, интернет булактарын пайдалануу, техникалык каражаттар: видео, аудио материалдарды колдонуу, слайддарды түзүү.
- Кыргыз тилин  сүйгөн, урматтаган инсандарды тарбиялоо.

## Күтүлүүчү жыйынтык.

- Тереңдетип окутууда балдар кыргыз тилин турмуш менен байланышын терең өздөштүрүп, алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө үйрөнүшөт.
- Сөздөрдү талдоого, салыштырууга жана ар түрдүү көз караштар менен туура обьективдүү жыйынтык чыгарууну өздөштүрүшөт.
- Кыргыз тилинин, маданий жетишкендиктерин,башка тилдер менен окшоштуктары жана айрымачылыктарын таанышат.
- Алган билимдерине таянуу менен заманбап окуяларга жана көрүнүштөргө өзүнүн ой пикирин, мамилесин айтып берүүнү үйрөнүшөт.

**Түшүндүрмө кат**

5-класстар үчүн (орус мектептеринде)

"Кыргыз тили" предметинин мектеп компонентинин календарлык планына түшүндүрмө

**Окуу китебинин авторлору:**

***Н.С.Жусупбекова, А.А. Оморова, Г.С. Чепекова***

5-класстардын "Кыргыз тили" предмети боюнча мектеп компонентинин 1 саат бөлүнгөн.Программа 5-класстын базалык деңгээлдеги даярдыгына кошумча көнүгүүлөрдү аткаруу менен окуучулардын билим деңгээлинин жогорулашына шарт түзөт.Мектеп компонентинин бөлүнгөн окуу пландын негизинде 5-класстарда кыргыз тилди кошумча окутуу жумасына 1 саатка эсептелинген (**жылына 34 саат**)

**5-класста "Кыргыз тили"предмети боюнча мектеп компонентинин окутуу курсунда:**

"Этиштер", "Этиштин жактары", "Жөндөмөлөр", "Сын атооч", "Сын атоочтун даражалары", " Зат атооч" бөлүмдөрү каралган.

**Түзүлгөн пландын максаты**

1.Окуучуларда келечектеги кесиптин ишмердүүлүгүндө билим алууну улантуу үчүн күнүмдүк турмушта керектүү кыргыз тилдик билимидин системасын билгичтерди жана көнүмдөрдү калыптандыруу.

2.Жалпы интеллектуалдык билгичтерин (салыштыруу,жалпылоо,классификациялоо,талдоо,топтоштуруу ,системалаштыруу. Абстаркциялоо,конкреттештирүү),таанып билүүчүлүк жана жалпы окуу билгичтерин (суроо бере билүү, маселени коё билүү, өз оюн так жана түшүндүрө билүү) өнүктүрүү

3.Ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгү,ойлонуу логикасы, жалпылоо жөндөмдүүлүгү,мейкиндикти элестөөсү, кыргыз тилинде ойлоно билүүсү, негиздөөнү жана далилдөөнү билүүсү сыяктуу компоненттердин киргизилиши менен окуучунун жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

**Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 5- класстарда кыргыз тилинен мектеп-компоненти боюнча календардык-тематикалык план**

| № | Кептик тема | Грамматикалык материал | Сааты | Күнү | Үй тапшырма |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1-чейрек. 9 саат | | | | |
| 1 | Үй-бүлө мүчөлөрү | Жөнөкөй жана татаал сөздөр боюнча сөз айкаштарын түзүү | 1 | | |
| 2 | Менин атым-… | Энчилүү жана жалпы аттардын классификациясы | 1 | | |
| 3 | Үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери | Жөндөмө категориясы | 1 | | |
| 4 | Өз үйүңдү сүрөттөө | Зат атоочтун илик жөндөмөсү, мүчөлөрүнүн варианттары | 1 | | |
| 5 | Үй-бүлөнүн келечеги | Этиштин өткөн чагы. Эмне кылды? Эмне кылган? | 1 | | |
| 6 | Саякаттоо | Зат атоочтун барыш, жатыш жөндөмөлөрү | 1 | | |
| 7 | Саякаттаган кандай сонун! | Зат атоочтордун жандооч менен айкалышы. Ким менен? Эмне менен? | 1 | | |
| 8 | Саякаттын түрлөрү | Зат атоочтун табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү | 1 | | |
| 9 | Жазуу, текшерүү жумуштары | Тесттик иш | 1 | | |
| | 2-чейрек. 7 саат | | | | |
| 1 | Ар бир кесип ардактуу | Сөз жасоочу –чы мүчөсү | 1 | | |
| 2 | Ар бир кесип маанилүү | Сөз жасоочу –поз, -кер мүчөсү | 1 | | |
| 3 | Кесипкөй адам | Зат атоочтун илик, барыш жөндөмөлөрү | 1 | | |
| 4 | Азыркы учурдун кесиптери | Зат атоочтун табыш жөндөмөсү | 1 | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Кыргызстан – менин мекеним | Этиштин жак категориясы | 1 | | |
| 6 | Мекеним- алтын бешигим | Жекелик жана көптүк сандагы этиштер | 1 | | |
| 7 | Жазуу жумуштары | Кайталоо | 1 | | |
| | 3-чейрек. 10 саат | | | | |
| 1 | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик символикалары | Сын атооч | 1 | | |
| 2 | Уламыштар дүйнөсүндө | Сын атоочтун жай даражасы | 1 | | |
| 3 | Нооруз майрамы | Сын атоочтун салыштырма жана күчөтмө даражалары | 1 | | |
| 4 | Ден соолук. Спорт | Сын атоочтун даражалары боюнча кайталоо | 1 | | |
| 5 | Спорт менен машыгабыз | Ким менен? Эмне менен? | 1 | | |
| 6 | Мен жана спорт | Этиштин жөнөкөй жана татаал учур чагы | 1 | | |
| 7 | Менин күн тартибим | Этиштин терс формасынын –ба мүчөсүн кайталоо | 1 | | |
| 8 | Улуттук спорт оюндары | Баяндагыч, буйрук этиштер | 1 | | |
| 9 | Соода-сатык. Дүкөндө | Жай, суроолуу сүйлөмдөр | 1 | | |
| 10 | Базарда | Илептүү, буйрук сүйлөмдөр | 1 | | |
| | 4-чейрек. 8 саат | | | | |
| 1 | Улуу Жибек жолу | Сан атооч. Эсептик сан. Бөлчөк сан | 1 | | |
| 2 | Акылдуу мугалим | Чамалама сан атооч. Жамдама сан атооч | 1 | | |